# Байламталар



**Мугалим: Рыскелдиева А.З.**

# Байламталар

**Сүйлөмдөгү сөздөрдү, сөз айкаштарын жана татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен байланыштырып турган кызматчы сөздөрдү байламталар дейбиз.**


**Кыргыз тилинде байламталар түзүлүшүнө карай *жөнөкөй* жана *татаал* байламталар болуп экиге бөлүнөт**

**Бир эле сөздөн турган байламталарды *жөнөкөй байламталар* дейбиз.**

**Алар: *а, ары, бирок, болбосо, да, дагы, деле, жаки, жана, мейли, менен, нары, не, себеби, эгер, эгерде ж.б.***

**Эки же андан көп сөздөн турган байламталарды *татаал байламталар* дейбиз.**

**Алар: *ал эми, андай болсо, анткен менен, жана да, же болбосо, кандай ... ошондой, канчалык ...ошончолук, неге десең, ошол себептуу, ошондой болгону менен, ошондой болсо да, ошон үчүн, эгерде ... ошондо ж.б.***


Байламталардын маанисине карай бөлүнүшү
Ажыраткыч
болбосо, же, же болбосо, не
Байланыштыргыч
ары, да, дагы, дале, жана, жана да, жана дагы, менен, нары
Салыштырма
кандай ... ошондой, канча ... ошончо, канчалык ... ошончолук
Шарттуу
эгер, эгерде.
Себеп
андыктан, анткени, аның үчүн, неге десең, ошол себептүү, ошонун натыйжасында, ошон үчүн, себеби, эмне үчүн десең
Каршылагыч
а, ал эми, андай болсо да, анткени, анткен менен, антсе да, бирок, бирок да, деген менен, ошентсе да, ошондо да, ошондой болгону менен, ошондой болсо да

# Байламталарга коюлуучу тыныш белгилер

| Жалпы эрежелер | Мисалдар |
|---|---|
| ***Жана, менен*** **байламталары эки сөздү гана өз ара тутумдаштыра алат, бирок ал сөздөрдүн араларында эч кандай тыным болбойт. Ошондуктан ал сөздөрдүн аралары үтүр менен ажыратылбайт.** | **Бермет жана Айдай бөбөктөргө белек таратышты.**<br>**Адам менен жаратылыш тыгыз байланышта.** |
| ***Ары//нары, да//дагы//дале//деле, же//не, же болбосо*** **сыяктуу байламталар эки же андан көп бир өңчөй мүчөлөрдү тутумдаштырат,** ***бирок дагы, дале, деле*** **байламталары өзүнүн алдындагы сөзгө, ары//нары,** ***же//не, же болбосо*** **өзүнөн кийинки сөзгө таандык болуп айтылат. Ошондуктан да (*дагы, дале, деле*) экиден көп бир өңчөй мүчөлөрдү тутумдаштыра турган болсо, бул байламтанын эң акыркысынан башкасынан кийин үтүр коюлат.** | **Окуучулар көрүүчүлөргө ары жагымдуу, ары уккулуктуу ыр тартуулашты.**<br><br>**Тоолор дагы, бактар дагы, талаалар дагы жомоктогудай көрк берип турду.** |
| ***Жана, ары, да, же, же болбосо*** **деген байламталар сүйлөм менен сүйлөмдү да байланыштырат.** | **Биз дайыма анын бакчасына барчубуз жана алмаларды жыйноого жардам берчүбүз.**<br>**Атам бизди бир карап алды да, аңгемесин улантты.** |

# Байламталарга коюлуучу тыныш белгилер

| Жалпы эрежелер | Мисалдар |
|---|---|
| *Антсе да //ошентсе да, анткени, себеби, бирок, андыктан//ошондуктан, ошондо да//ошондо дагы, анткени менен//ошенткени менен, ошондой болгону менен, неге десең, эмне үчүн десең, ошон үчүн, анын үчүн, ошол себептүү, эгер, эгерде* сыяктуу байламталар сүйлөм менен сүйлөмдү гана тутумдаштырат. Алар кийинки сүйлөмгө таандык болуп айтылгандыктан, үтүр белгиси байламталардан мурун коюлат. | Бир заматта эл чогула калды, бирок эмне окуя болгонун түшүнүшкөн жок. |
| Айрым учурда *да* байламтасы *же, жана* сыяктуу байламталардан мурда айтылат. *Да* байламтасынан кийин үтүр белгиси коюлат да, ал эми *же, жана* өзүнөн кийин айтылуучу сөзгө же сүйлөмгө таандык болуп айтылат. | Мен жайында көлгө барам, же ата-энем менен шаарда калам. |
| Байламта *да* багыныңкы сүйлөмдөгү шарттуу ыңгайдын -са мүчөсү менен аяктаган баяндоочунан кийин келип, багыныңкы сүйлөмдөгү ой баш сүйлөмдө айтылган ойго карама-каршы мааниде колдонулгандыгын билдирет . Бул учурда үтүр белгиси *да* байламтасынан кийин коюлат. | Дасторкондо бардыгы жайнап турса да, апасыз үй көңүлсүз. |